КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251151 1

**БУЙРУК**
**РАСПОРЯЖЕНИЕ**

18 декабря 2018 № 277-ба

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Ижарачы тарабынан жер участогун пайдалануу (ижара) укугун үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы тарабынан макулдук берүүнүн убактылуу регламентин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 50, 62 жана 66-статьяларын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 233-1, 233-5 жана 553-статьяларын, Бишкек шаардык кеңештин 2011-жылдын 20-декабрындагы №288 токтому менен бекитилген жер участогунун типтүү ижара келишиминин 3.1, 3.2 жана 4.2-пункттарына ылайык, Бишкек шаарынын прокуратурасынын "Мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө" 2018-жылдын 18-октябрындагы №11/8-0-51-18 сунушун аткаруу үчүн:

1. Ижарачы тарабынан жер участогун пайдалануу (ижара) укугун үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы тарабынан макулдук берүүнүн убактылуу регламенти (мындан ары - Убактылуу регламент) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы, Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча Бишкек шаардык башкармалыгы:

- өз иш-аракетинде Убактылуу регламентти жетекчиликке алышсын;

- Бишкек шаардык кеңештин 2011-жылдын 20-декабрындагы №288 токтому менен бекитилген жер участогунун типтүү ижара келишиминин 3.1.14, 3.1.23-пункттарына ылайык түзүлгөн ижара келишимдерине, анын ичинде ижаралык төлөмдөрдү төлөө, курулушту аяктоо мөөнөттөрү жана объектти эксплуатацияга тапшыруу бөлүгүнө белгиленген тартипте өзгөртүү киргизишсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

Вице-мэр Б.О.Дюшембиев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МЭРИЯ ГОРОДА БИШКЕК

0002318 8
0251151 1

**БУЙРУК**
**РАСПОРЯЖЕНИЕ**

18 декабря 2018 № 277-ра

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Об утверждении Временного регламента дачи согласия на передачу арендатором права пользования (аренды) земельным участком третьему лицу Управлением земельных ресурсов мэрии города Бишкек**

В соответствии со статьями 50, 62, 66 Земельного кодекса Кыргызской Республики, статьями 233-1, 233-5, 553 Гражданского кодекса Кыргызской Республики, пунктами 3.1, 3.2, 4.2 Типового договора аренды земельного участка, утвержденного постановлением Бишкекского городского кенеша от 20 декабря 2011 года № 288, во исполнение представления прокуратуры города Бишкек «Об устранении нарушений закона» от 18 октября 2018 года № 11/8-0-51-18:

1. Утвердить Временный регламент дачи согласия Управлением земельных ресурсов мэрии города Бишкек на передачу арендатором права пользования (аренды) земельным участком третьему лицу (далее – Временный регламент) согласно приложению.

2. Управлению земельных ресурсов мэрии города Бишкек, Бишкекскому городскому управлению по землеустройству и регистрации прав на недвижимое имущество:

- руководствоваться в своей деятельности вышеуказанным Временным регламентом;

- в установленном порядке внести изменения в заключенные договоры аренды, в том числе в части выплат арендных платежей, сроков завершения строительства объектов и сдачи объектов в эксплуатацию в соответствии с пунктом 3.1.14, 3.1.23 Типового договора аренды земельного участка, утвержденного постановлением Бишкекского городского кенеша от 20 декабря 2011 года № 288.

3. Контроль за исполнением настоящего распоряжения оставляю за собой.

Вице-мэр Б.О.Дюшембиев

ТОКТОМДОР БӨЛҮГҮ
ПРОТОКОЛЬНАЯ ЧАСТЬ

Бишкек шаарынын
мэриясынын 2018-жылдын
"18" 12 №177-ба
буйругуна тиркеме

**Ижарачы тарабынан жер участогун пайдалануу (ижара) укугун үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгы тарабынан макулдук берүүнүн УБАКТЫЛУУ РЕГЛАМЕНТИ**

1. Жер участогуна түзүлгөн ижара келишимине ылайык жер участогунун ижарачысы жер участогун пайдалануу (ижара) укугун үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө арызы менен Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгына (мындан ары – Башкармалык) кайрылат.

2. Арызга ижарачы тарабынан жер салыгын төлөгөндүгү жана карызынын жоктугу жөнүндө салык органынын маалымкаты, жер участогуна укук белгилеөчү жана укук күбөлөндүрүүчү документтер, өздүгүн ырастаган документ жана ижарачынын уюмдаштыруу документтери тиркелет.

3. Башкармалык тарабынан ижарачыга арызды алган датасы жана убактысы көрсөтүлгөн тил кат берилет. Жер участогун пайдалануу (ижара) укугун үчүнчү жакка өткөрүп берүүгө макулдук (мындан ары – Макулдук) 10 (он) жумуш күнү ичинде берилет.

4. Макулдук берилген учурдан тартып бир айдын ичинде колдонулат.

5. Капиталдык объектти долбоорлоо жана куруу үчүн берилген жер участокторуна Макулдук берүү, объекттин курулушу аяктагандан жана объектти эксплуатацияга кабыл алуу жөнүндө актысынын негизинде имаратка (курулмага) укукту мамлекеттик каттоо жүргүзүү ишке ашырылгандан кийин, ижаралык акы төлөмдөрү боюнча карызы жок учурда жүргүзүлөт.

6. Жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн берилген жер участокторуна Макулдук даярдоо Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын суроо-талабы боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдалануу жана курулуш башкармалыгы тарабынан берилген жер участогун максаттык дайындалышы боюнча өздөштүрүлгөндүгүн изилдөө Актысы жана атайын техника (кран) менен объектти демонтаж жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар болгон жана ижаралык акы төлөмдөрү боюнча карызы жок болгон учурда жүргүзүлөт.

ЖПКБнын начальниги ____________ А.Сагындык уулу

ЖРБнын начальниги ____________ А.Э.Алымкулов

Приложение
к распоряжению мэрии
города Бишкек
от 18.12 2018 года №177

**ВРЕМЕННЫЙ РЕГЛАМЕНТ**
**дачи согласия на передачу арендатором права пользования (аренды) земельным участком третьему лицу Управлением земельных ресурсов мэрии города Бишкек**

1. В соответствии с заключенным договором аренды земельного участка арендатор земельного участка обращается в Управление земельных ресурсов мэрии города Бишкек (далее - Управление) с заявлением о даче согласия на передачу права пользования (аренды) земельным участком третьему лицу.

2. К заявлению прилагаются справка налогового органа об оплате арендатором земельного налога и отсутствии задолженности, копии правоустанавливающего и правоудостоверяющего документов на земельный участок, документа, удостоверяющий личность, и учредительных документов арендатора.

3. Управлением арендатору выдается расписка с указанием даты и времени получения заявления. Согласие на передачу права пользования (аренды) земельным участком третьему лицу (далее – Согласие) выдается в течение 10 (десяти) рабочих дней.

4. Согласие действует в течение одного месяца с момента выдачи.

5. Выдача Согласия на земельные участки, предоставленные под проектирование и строительство капитального объекта, производится после завершения строительства объекта и осуществления государственной регистрации права на здание (сооружение) на основании акта о приемке объекта в эксплуатацию, при отсутствии задолженности по арендным платежам.

6. Подготовка Согласия на земельные участки, предоставленные под объекты облегченного типа, производится при наличии Акта обследования освоения земельного участка по целевому назначению и возможности демонтажа объекта специальной техникой (краном), выдаваемого Управлением землепользования и строительства мэрии города Бишкек по запросу Управления земельными ресурсами, при отсутствии задолженности по арендным платежам.

7. Выдача Согласия на дополнительно предоставленные муниципальные земельные участки под благоустройство, озеленение, гостевые автопарковки и прочее, осуществляется при передаче прав на основной земельный участок.

Начальник УЗС ____________ А. Сагындык уулу
Начальник УЗР ____________ А.Э. Алымкулов

7. Көрктөндүрүү, жашылдандыруу, меймандар автотоктотмосу жана башка үчүн кошумча берилген муниципалдык жер участокторуна Макулдук берүү негизги жер участогуна укуктар берилген учурда ишке ашырылат.

8. Макулдук бирдей юридикалык күчкө ээ үч нускада даярдалат. Бир нускасы Башкармалыктын жалпы бөлүмүндө, экинчи нускасы жер участогуна Башкармалыктын архивдик ишинде сакталат, үчүнчү нускасы ижарачыга берилет.

9. Башкармалыктын мөөрү менен бекитилген Макулдук үч нускада кол тамга коюлган күнү каттоо үчүн Башкармалыктын жалпы бөлүмүнө берилет.

10. Макулдук ижарачыга тил кат көрсөтүлгөн учурда берилет.

11. Ушул Убактылуу регламенттин 5-7-пункттарынын шарттары бузулган учурда Башкармалык Макулдук берүүдөн баш тартат. Арыз ээсине берилген билдирүүдө Макулдук берүүдөн баш тартуунун себеби баяндалат.

12. Башкармалыктын Макулдук берүүдөн баш тартуусуна арыз ээси Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

**Шаар куруу жана муниципалдык менчик бөлүмүнүн башчысы** **Б.Ч.Чолпонбаев**

ЖПКБнын начальниги ____________________ А.Сагындык уулу

ЖРБнын начальниги ____________________ А.Э.Алымкулов

8. Согласие подготавливается в трех экземплярах, имеющих одинаковую юридическую силу. Один экземпляр хранится в общем отделе Управления, второй экземпляр в архивном деле Управления на земельный участок, третий экземпляр передается арендатору.

9. Согласие в трех экземплярах, скрепленных печатью Управления, передается в общий отдел Управления для регистрации в день подписания.

10. Согласие выдается арендатору по предъявлении расписки.

11. При нарушении условий пунктов 5 - 7 настоящего Временного регламента Управление отказывает в даче Согласия. Мотивированный отказ в даче Согласия излагается в уведомлении, выдаваемом заявителю.

12. Отказ Управления в даче Согласия заявитель вправе обжаловать в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

**Заведующий отделом градостроительства и муниципальной собственности** **Б.Ч.Чолпонбаев**

Начальник УЗС ____________________ А. Сагындык уулу
Начальник УЗР ____________________ А.Э. Алымкулов